**УДК 373.2**

***Дамирбекова Н., Айдаралиева А.С.***
*Дамирбекова Нургул – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Айдаралиева Айнура – ф.и.к., С.Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛА БАКЧАДА БАЛДАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ИНТЕРНЕТ БУЛАКТАРЫНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ ИНТЕРНЕТ-ИСТОЧНИКОВ НА РАЗВИТИЕ ПОЗНАВАТЕЛЬНЫХ НАВЫКОВ ДЕТЕЙ В ДЕТСКОМ САДУ

# THE EFFECT OF INTERNET RESOURCES ON THE DEVELOPMENT OF COGNITIVE SKILLS OF CHILDREN IN KINDERGARTEN

***Аннотация.*** *Бул макалада Нарын шаарындагы айрым бала бакчаларында балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө интернет ресурстарынын колдонулушу жана алардын эффективдүүлүгү жөнүндө сөз болмокчу жана балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүндө мультфильмдердин ролу көргөзүлдү.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматривается использование интернет-ресурсов и их эффективность в развитии познавательных способностей детей в некоторых детских садах города Нарын, а также роль мультфильмов в развитии познавательных способностей детей.*

***Abstract.*** *This article discusses the use of Internet resources and their effectiveness in the development of children's cognitive abilities in some kindergartens in Naryn city, and the role of cartoons in the development of children's cognitive abilities.*

***Түйүндүү сөздөр****: бала бакча, таанып билүү жөндөмдүүлүк, интернет булактар, компьютердик технология, мультфильм.*

***Ключевые слова****: детский сад, познавательные способности, Интернет-ресурсы, компьютерные технологии, мультфильм.*

***Key words****: kindergarten, cognitive ability, Internet resources, computer technology, cartoon.*

Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин билим берүү процессинде баланы тарбиялоонун биринчи этабында балдардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү зарыл. Тарбиячылардын жана үй-бүлөнүн бала менен өз ара аракеттенүүсү да кызыгууда байкалган таанып билүү кызыгууну, өз алдынчалыкты жана демилгени өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүү мекемесинин дидактикалык каражаттарынын системасына компьютерди киргизүү баланын интеллектуалдык, адеп-ахлактык жана эстетикалык өнүгүүсүн байытуунун, аны маалыматтык маданият дүйнөсүнө киргизүүнүн кубаттуу фактору деп айта алабыз.

Электрондук ресурстарды колдонуу баланын билимин жана өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы мазмунуна туура келген билимди берүүнүн эффективдүү жолу деп эсептесе болот [1]. Бала бакчанын билим берүү процессинде интернет-ресурстардын ролу ар түрдүү жана бир нече аспектилери бар экенине күбө болдук. Атап айтсак: маалымат алуу мүмкүнчүлүгү, интерактивдүү окуу материалдары, онлайн окутуу, изилдөө иш-чаралары, индивидуалдык өнүгүүнү колдоо, кызматташуу жана тажрыйба алмашуу. Демек, интернет ресурстары бала бакчалардын заманбап билим берүү процессинде маанилүү роль ойноп, аны ар түрдүү билим берүү мүмкүнчүлүктөрү менен байытып, балдардын окууга активдүү катышуусуна көмөктөшөт [4].

Жаңы компьютердик технологиялардын аркасында анимация искусствосу көпчүлүк үчүн жеткиликтүү болуп калды. Мектепке чейинки курактагы балдар менен мультфильм түзүү – бул балдар үчүн абдан жагымдуу дизайн технологиясынын жаңы түрү болуп саналат. Анимация теориялык жана практикалык сабактарды айкалыштырып, чыгармачылык жана сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет, анын натыйжасы балдардын өз алдынча чыгармачылык ишинин чыныгы жемиши болуп саналат [3].

Баалуулуктарды жана жүрүм-турум нормаларын жайылтууда мультфильмдер негизги ролду ойнойт. Мультфильмдер достук, сабырдуулук, кызматташтык жана башка пайдалуу баалуулуктар тууралуу сабактарды камтышы мүмкүн. Балдар мультфильмдерден өзүн кандай алып жүрүүнү жана ар кандай турмуштук кырдаалдарда кантип күрөшүү керектигин үйрөнө алышат. Бул нерселер да баланын таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө жол көрсөтө алат [2].

Компьютердик технологиянын жана интернеттин жардамы менен түзүлгөн балдар үчүн мультфильмдер жана чет тилиндеги мультфильмдерди которуу иштери Нарын шаарында, өзүбүздүн С.Нааматов атындагы НМУнун профессордук-окутуучулук курамдарын түзүүчүлөр тарабынан ишке ашырылышын да баса белгилеп кеткибиз келет. Алардын санын НМУнун айрым окутуучулары, орто мектеп мугалимдери, бала бакча тарбиячылар жана башкалар толуктайт. Атап айтсак: Ажыбаев Д.М., Бейшеналиева У.У., Осмонова Б.М., Чоробек кызы Айзат, Кулманбетова С.М., Жапаров Н.Т., Калмуратова Ж.К. ж.б.

Которулган мультфильмдер балдардын жаш курагын жана кыргыздардын менталитетин эске алуу менен ылайыкташтыруу стратегиясында жүргүзүлгөн. Баарынан да анын ылайыктуу терминдерди жана сөз айкаштарын тандоону, жергиликтүү маданий нормаларды жана баалуулуктарды эске алууну жана социалдык, этикалык жана маданий сезимталдыкты сыйлоону камтыган. Бул балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн гана өнүктүрбөстөн, баланын ошол тилди сүйүүгө жана эне тилинде сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн арттырууга багытталган иштердин бири болуп саналат.

Мультфильмден сырткары балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө тарбиячылардан сурамжылоо жүргүзүү изилдөө ишибизди илгерилете алды. Алсак, сурамжылоо Нарын шаарындагы айрым бала бакча тарбиячылары тарабынан алынып, негизги максаттардын бири катары мектепке чейинки балдардын таанып билүү өнүгүүсүнө интернет ресурстарын колдонуунун таасирин изилдөө, балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө интернет технологияларынын натыйжалуулугун баалоо жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде окуу үчүн интернет-ресурстарды колдонууга көмөктөшүүчү же тоскоолдук кылган негизги факторлорду аныктоо эле.

Изилдөөгө таянып төмөндөгүдөй тыянактарды бере алабыз:

Бала бакчада тарбиячылар балдар менен иш алып барууда интернет-контенттердин көп түрүнө карабастан пайыздык өлчөмдө көп көрсөткүчтү берген билим берүү мазмунду жана интерактивдүү оюндарды колдоноору белгилүү болду. Бул көрсөткүч интерактивдүү билим берүү мазмуну бар оюндар балдар үчүн көбүрөөк кызыктуу, бул алардын окууга болгон мотивациясын жогорулатууга жардам берери аныкталды. Интерактивдүү оюндар таанып билүүчүлүк (логикалык ой жүгүртүү, көңүл буруу, эс тутум), социалдык (байланыш, кызматташуу) жана кыймылдуу (моторика, кыймылды координациялоо) сыяктуу көндүмдөрдүн кеңири спектрин өнүктүрүүгө жардам берет. Ошону менен бирге интерактивдүү оюндарга катышуу балдарга материал менен

активдүү өз ара аракеттенүүгө мүмкүндүк берет, бул билимди жана көндүмдөрдү тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Кээ бир оюндар баланын инсандыгын өнүктүрүү үчүн маанилүү болгон чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана өзүн-өзү көрсөтүүгө түрткү берет. Демек изилдөөгө таянып бала бакчаларда интерактивдүү оюндарды камтыган интернет контенттерин көбүрөөк колдонуулары зарыл.

Нарын шаарындагы айрым тарбиячылар кандай гана интернет булактарын пайдаланышпасын, балдардын ошол берилген материалдын негизинде практикалык иштерди кылуу менен таанып билүү жөндөмүүлүгүн өстүрүүгө түрктү бererин баса белгилешкен. Бул учурда балдардын жаңы маалыматтарды өз алдынча үйрөнүү менен балдар ошол үйрөнгөн нерселерин кайрадан кайталап жасоо менен алардын ар кыл көндүмдөрү калыптанат. Ошону менен бирге интернет булактарынан тарбиячылар тайпадагы балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, кабыл алууларына жана акыл-эс деңгээлдерине жараша тандап алган материалдарды балдарга багыттуу колдоно алышат. Тарбиячылар балдардын жүрүм-турумунда жана билим берүү максаттарында интернетти колдонгон бир нече оң өзгөрүүлөрдү байкагандары аныкталды. Демек, балдардын интернет булактарынын негизинде тарбиячылар тарабынан пайдаланылган материалдар балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн ошол көргөзүлгөн материалдын жана сабактын негизинде аны туурап жасоо, өз алдынча иштөө жана тууроо аркылуу балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүндө бир кыйла өсүүлөр пайда болгону аныкталды.

Изилдөөнүн алкагында тарбиячылардын келечекте бала бакчада балдардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатта кандай окууларды, билимдерди өздөштүрүүнү каалаганын сурамжылоо аркылуу аныктай алдык. Тарбиячылардын берген жоопторуна таянып алардын келечекте интерактивдүү доска менен иштөөнү жакшыртуу жана билим берүү тиркемелерин колдонуу боюнча билимдерге ээ болууларын каалагандыгы аныкталды. Баарыбызга белгилүү болгондой, интерактивдүү такталар балдардын кыймыл-аракетин жана координациясын колдонууну талап кылат, бул алардын физикалык өнүгүүсүнө да шарт түзөт. Ошону менен бирге алар окууну жекелештирүүгө мүмкүндүк берет, материалды ар бир баланын деңгээлине жана кызыгуусуна ылайыкташтырууга мүмкүнчүлүк берет. Интерактивдүү досканы колдонуу балдарга тапшырмага көңүл буруу жана экрандагы маалыматты ээрчүү жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет. Изилдөөнүн натыйжасында тарбиячыларга мектепке чейинки курактагы балдар үчүн атайын билим берүү тиркемелеринин туура, пайдалуу жана жигердүү пайдаланылышы жана интерактивдүү тактаны колдонуу жана анын эффективдүүлүгүн билүү максатта тренинг же семинардын уюштурулушу зарыл.

Бала бакча менен ата-эненин ортосунда тыгыз байланыш баланын жеңил жана көйгөйсүз социалдашуусунда чоң көпүрө катары ролун ойноору талашсыз. Изилдөөнүн негизинде тарбиячылардын балдардын ата-энелерине сунуштардын ичинен балдардын таанып билүү көндүмдөрүн калыптандырууда балдар үчүн сапаттуу жана билим берүүчү контентти тандоолору пайыздык өлчөмдө көп санын көрсөткөн. Изилдөө ата-энелерге тариячылар тарабынан балдар үчүн ыңгайлуу билим берүүчүлүк контенттердин туура тандоосунун зарылдыгын аныктайт. Ал үчүн ата-эне жана трабиячылардын катышуусунда тегерек столдорду же тренингдерди уюштурууга мүмкүн болору изилдөөнүн натыйжасы көргөзөт.

Жыйынтыгында, бала бакчадагы балдардын таанып билүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү интернет булактарынын тийгизген таасири төмөндөгүдөй тыянактарды көргөзөт:

- Заманбап мектепке чейинки билим берүү мекемелери билим берүү процессине санариптик технологияларды көбүрөөк киргизүү зарыл. Тарбиячылардын интернет ресурстарын эффективдүү пайдалануу боюнча билими балдар үчүн заманбап жана жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жардам берери аныкталды.
- Тарбиячлардын интернет ресурстарын туура тандоолору жана колдонуулары балдардын критикалык ой жүгүртүүсүн жана маалыматты талдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет. Интернеттеги маалыматтын сапатын чыпкалап, баалаганды билген педагогдор балдарга бул көндүмдөрдү үйрөтө алышат. Демек, тарбиячыларга да интернет булактарын кантип туура издеп, тандоолору тууралуу сабактар уюштурулушу керек.
- Интернет-ресурстар мектепке чейинки балдардын муктаждыктарына ылайыкташтырылган окуу материалдарынын, оюндардын жана иш-чаралардын кеңири спектрин сунуштайт. Мындай ресурстарды таап, колдоно билген педагогдор окуу процессин байытып, аны кызыктуу жана эффективдүү кыла алышат. Демек, тарбиячларга аларды колдонуу боюнча методикалык колдонмолордун болуусу зарыл жана тарбиячылар алардын практикалык иш – аракеттеринде активдештириши зарыл.
- Баланын эне тилиндеги ресурстар (китептер, мультфильмдер, оюндар) канчалык көп болсо, ал ошончолук кеңири тил көндүмдөрүн ала алат. Демек, бала бакчада балдардын кептик ишмердүүлүгүн өстүрүүдө жана өз эне тилинде туура, так сүйлөөдө кыргызча мультфильмдердин, оюндардын жана китептердин көп көргөзүлүүсү зарыл.

Интернет булактарын колдонуу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдардын таанып-билүү процессин өнүктүрүүдө олуттуу аспект болуп саналат. Демек, анын ар тараптуу колдонулушу жана тарбиячылардын алдыга койгон максаттарына жетүү үчүн балдардын жаш өзгөчөлүгү, алардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээли, темага жараша туура тандалып алуусу, коопсуздук жагдайларын жана балдардын кызыгуусун туудура турган багыттар эске алынышы керек.

**Колдонулган адабияттар**

1. Беспалько В.П. Образование и обучение с использованием компьютеров (педагогика третьего тысячелетия). — М.: МПСИ, 2002. — 352 с.
2. Леонтьев, А.Н. Психологические основы развития ребенка и обучения [Текст]/ А.Н. Леонтьев – СПб: Смысл, 2009. 429 с.
3. С.Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы ISSN 1694 – 7622, №2, 2023 35 – бет.
4. Улькина, Т.К проблеме исследования проявлений и психологического содержания познавательных способностей у детей дошкольного и младшего школьного возраста. Выпуск 11.
– К.: НПУ имени М.П. Драгоманова, 2000. – С. 242 – 247